УДК: 811.512.154

Кубанычбек кызы А.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ, магистрант*

# Б.М.ЮНУСАЛИЕВДИН ЛИНГВИСТИКАЛЫК КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ

*Аталган макалада Б.М.Юнусалиевдин кыргыз лексикологиясынын бүгүнкү бийиктигин көрсөтүп турган улуу окумуштуу экендиги талдоого алынат.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз адабий тили, анын калыптанышы, лексикология жана диалектология, "Манас" эпосу.*

*В данной статье анализируется деятельность ученого-лингвиста Б.М. Юнусалиева, как показатель величия современной кыргызской лексикологии.*

***Ключевые слова:*** *кыргызский литературный язык, его формирование, лексикология и диалектология, эпос "Манас".*

*This article analyzes the activity of the scientist-linguist B.M.Yunusaliev, who showed the greatness of modern Kyrgyz lexicology.*

***Key words:*** *Kyrgyz literary language, its formation, lexicology and dialectology, the epic "Manas".*

Кыргыз тил илиминин калыптанышы, өнүгүшү, бүгүнкү бийиктикке жетиши, анын ийгиликтеринин түркологияда, ошондой эле жалпы тил таануу илиминде таанылып, бааланышы ага салым кошкондордун илимий изилдөөлөрүнө, илимий эмгектерине жана калтырган баалуу мурастарына түздөн-түз байланыштуу болот. Алардын эмгектери тарыхый мааниге ээ болуп, азыркы күндө изилдөөчүлөр, окумуштуулар өз ойлорун теориялык жактан бекемдеп жүрүшөт. Кыргыз тилинин өнүгүшүнө, түптөлүшүнө өзгөчө салым кошкон, кыргыз тилинин фонетика, морфология, синтаксис жана орфографиясынын негиздерин биринчилерден болуп иштеп чыккан алгачкы окумуштуулардын бири К.Тыныстанов болсо, экинчиси кыргыз адабий тили, лексикологиясы менен диалектологиясы боюнча фундаменталдуу эмгектерди жараткан, "Манас" эпосунун кажыбас коргоочусу жана жарыялоочусу академик Б.М.Юнусалиев болгондугун кыргыз тил илиминин тарыхы тастыктап турат.

Азыркы кыргыз тил илими өз өнүгүүсүнүн белгилүү бир деңгээлинде Болот Мураталиевич Юнусалиев жөнүндө жазылган эскерүүлөр, макалалар, эмгектер, библиографиялык көрсөткүчтүн ж.б. саны эле жүзгө чукулдап барат. Мындай сандык көрсөткүчтүн өзү эле белгилүү инсан, таланттуу окумуштуу жана кыргыз атуулу тууралуу көп айтылып, эскерилип, ардакталып келе жаткандыгынан кабар берет. Б.М.Юнусалиевдин өмүр жолу, ишмердүүлүгү жана калтырган бай мурастары жөнүндө жазгандардын ичинен замандаштары, айрыкча, шакирттери тынбай жазышып, устатын урматташып, анын эмгектерине кайра-кайра кайрылышып келишет. Тилчи - окумуштуу жөнүндөгү маалыматтарды "Кыргыз Совет Энциклопедиясынан" (1980, 6-том), "Казак Совет Энциклопедиясынан" (1978, 12-том), "Манас" энцоклопедиясынан (1995) тартып, мезгилдүү басылмалардан атайын жыйнактарга чейин, ошондой эле Т.Ахматовдун "Болот Мураталиевич Юнусалиев" деген эмгегинен (2004), Ш.Жапаров, Т.Сыдыкованын "Белес артындагы белестер" аттуу эки ири окумуштууга арналган библиографиялык көрсөткүчүндө белгилөөгө болот.

Б.М.Юнусалиев - жалгыз гана тилчи, окумуштуу гана эмес, республиканын коомдук иштерине, элге билим берүү системасынын өнүгүшүнө активдүү катышкан коомдук ишмер болуп саналат. Анын шакирти, филология илимдеринин доктору, профессор Ш.Жапаровдун маалыматы боюнча Б.Юнусалиев Молдо Нияз, Молдо Кылыч жана

К.Тыныстанов жөнүндө тарыхый материалдарды топтогон. Окумуштуунун көзү өткөндөн кийин, 1971-жылы "Кыргыз диалектологиясы" басмадан чыккан. Бул эмгек кыргыз диалектологиясындагы гана эмес, кыргыз тил илиминдеги, жалпы түркологиядагы, атүгүл бүтүндөй советтик тил илиминдеги эң баалуу эмгек болгон.

"Кыргыз маданияты" журналында (1974, 4-январь) "Илимге арналган өмүр" деген макала (Т.Ахматов, Б.Орузбаева, С.Мусаев) жарык көрүп, анда Б.Юнусалиевдин өмүрүндөгү, эмгектериндеги урунттуу учурлар, окумуштуунун салымы жана мурастары тууралуу маалыматтар кенен берилген. Мындан тышкары, окумуштуунун илимий мурастарына арналган 4 макала: "Илим иргеп, ой терген окумуштуу" ("Кыргызстан маданияты", 1983), "Кош чынардын бири" ("Жаш ленинчи", 1984), "Лингвист" ("Ленинчил жаш", 1986), "Орошон ойдун дыйканы" ("Советтик Кыргызстан", 1987) Ж.Мукамбаев тарабынан жарык көрүп, анда улуу окумуштуунун улуу адамкерчилигин, таланттуу лингвист-окумуштуулугун, изилдөө методдорунун өзгөчөлүктөрүн, эмгектеринин илимий баасын баса белгилеп, анда үлгү алууну, үйрөнүүчү ишин улоочу жактарынын көп экендигин айтылган.

Кыргыз тилиндеги көмөкчү (жардамчы) этиштерди, уңгу сөздөрдүн өнүгүшү, кыргыз диалектологиясы боюнча кыргыз тил илиминде алгачкы изилдөөлөрдү жүргүзүлүп, ал изилдөөлөрдүн жыйынтыктары кыргыз тил илиминин аталган тармактары боюнча бүгүнкү илимий бийиктикти да көрсөтүп турган лингвистикалык фундаменталдуу эмгектер Б.М.Юнусалиевдин калеминен жаралган. Анын кыргыз лексикологиясына негиз салган окумуштуу экендиги илимий коомчулукта толук таанылган. Мындай жыйынтык чыгарууга тилчи-илимпоздун докторлук диссертациясынын негизинде жазылып, 1955-жылы чыккан "Киргизская лексикология: часть 1. Развитие корневых слов деген эмгеги негиз болгон. Аталган эмгектин илимий жана тарыхый мааниси кыргыз тил илиминин лексикологиясын негиздеп, анын өнүгүшүнө кошкон салымы менен эле чектелбейт. Бул эмгектин түркологиядагы, жалпы эле тил илиминдеги алган орду, корутундуларынын баалуулугу тууралуу дүйнөнү атак-даңкка ээ болгон окумуштуу-түркологдор, орус окумуштуулары ж.б. өз эмгектеринде белгилешкен. Кыргыз лексикологиясына арналган бул фундаменталдуу эмгектин барк-баасы, анда колдонулган изилдөөнүн методу, жалпы эле методологиялык негиздери, бүтүндөй концепциясы бул багыттагы илимий-изилдөө иштерине бүгүнкү күнгө чейин үлгү болуп, аларга бир катар даяр материалдарды бергендиги аныкталды. Илимдеги бир катар ийгиликтерге, жаңы иликтөөлөргө карабастан, Б.М.Юнусалиевдин кыргыз лексикологиясы боюнча иликтөөлөрүнүн жыйынтыктары, концепциялары азыркы учурда да актуалдуу бойдон калууда.

Б.М.Юнусалиев "уңгу" жана "уңгу сөз" түшүнүктөрүндөгү жалпылыктарды жана айырмачылыктарды да ажыратып көрсөткөн. Окумуштуунун ою боюнча, уңгу жана уңгу сөздү бири-биринен так ажыратуу, чектерин аныктоо тилдин стилистикалык абалын иликтөөдө, нормативдик грамматикасын иштеп чыгууда зарыл керек болот. Окумуштуу уңгу - тарыхый түшүнүк, ал эми уңгу сөз - статистикалык түшүнүк деп көрсөткөн.

Б.М.Юнусалиевдин көз карашы боюнча, тууранды сөздөрдүн пайда болушу жана өнүгүшү пикир алышууну өркүндөтүп, сүйлөшүү процессин, жалпы эле коомдогу мамилелерди жакшыртууга кызмат кылат. Окумуштуу орхон-енисей жазма эстеликтеринде тууранды сөздөрдүн дээрлик кездешпегендигин белгилеп, анын себептерин түшүндүрөт. Тууранды сөздөр көбүнчө күнүмдүк жашоо-шарттагы пикир алышууларды тейлеген, карапайым сөздөрдөн болуп саналат. Ал эми жазма эстеликтерде аскердик-патриоттук темадагы тексттер берилип, аларда тууранды сөздөрдү колдонуунун зарылдыгы жок.

Тууранды сөздөрдүн пайда болушу же жасалышы өзүнчө бир мыйзамдардын негизинде эмес, тилдеги жашап жаткан мыйзамдарга, башка сөздөр сыяктуу эле, таянуу менен ишке ашат.

Бүгүнкү кыргыз тили илиминде тууранды сөздөр бир топ изилденип, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылган. Кыргыз тилиндеги тууранды сөздөрдүн лингвистикалык табиятынын жетиштүү деңгээли ачылып, мүнөздөмөлөрдүн берилишине Б.М.Юнусалиевдин сөз болуп жаткан эмгегинин түздөн-түз катышы, салымы бар деп эсептейбиз.

Б.М.Юнусалиев "Кыргыз диалектологиясында" өзүнө чейинки иликтөөлөргө кыскача токтолуп, алардын ийгилик кемчиликтерин көрсөтүп берген.

Б.М.Юнусалиевдин калтырган лингвистикалык илимий мурастарынын ичинен "Кыргыз лексикологиясы" (1959), "Кыргыз диалектологиясы" (1971) эң оручундуулары жана концептуалдуу мааниге ээ болгон эмгектери болуп саналат.

Б.М.Юнусалиев кыргыз адабий тилинин өнүгүшүн, байышын дайыма көзөмөлгө алып, аны кыргыз тилинин диалектилери менен биримдикте караган. Ал жалпы адабий тилге мүнөздүү болгон фонетикалык, лексикалык, синтаксистик жана морфологиялык белгилердин ар бирине өз-өзүнчө токтолуп, алар боюнча позитивдүү, илимге негизделген корутунду-сунуштарды берген.

Кыргыз диалектологиясы илиминин калыптанышына, өнүгүшүнө жана азыркы абалына Б.М.Юнусалиевдин кошкон салымы өзгөчө мааниге ээ. Кыргыз лексикологиясы менен кыргыз диалектологиясы боюнча фундаменталдуу эмгектери аркылуу Б.М.Юнусалиев кыргыз адабий тилинин калыптанышына, өнүгүшүнө азыркы кыргыз адабий тилинин өркүндөөсүнө тедешсиз эмгек сиңирген.

Б.М.Юнусалиевдин кыргыз диалектилерине болгон кызыгуусу, ал боюнча изилдөө иштерин жүргүзүүсү 50-жылдарда эле башталган. Ал кыргыз диалектилеринин маселелерин кыргыз адабий тилинин алкагында жана биримдигинде караган. Кыргыз диалектологиясы боюнча жүргүзгөн бардык изилдөө иштери, конференцияларда, жыйындарда жасаган докладдары, иштеп чыккан программалары ж.б. иш-аракеттеринин бардыгы кыргыз диалектологиясын жалпылаштырып, бир системага салып бирдиктүү бир илимий эмгекти жаратууга өбөлгө болгон. Алардын бардыгын бириктирип, бир окуу китебин иштеп чыгуу шакирти Ж.Мукамбаев белгилегендей, окумуштуунун оюнда дайыма болуп, ал улуу максат катары ишке ашырылган.

Б.М.Юнусалиев–кыргыз лексикологиясына, уңгу сөздөрдүн изилденишине негиз салган, кыргыз лексикология илиминин бүгүнкү бийиктигин да көрсөтүп турган улуу окумуштуу. Ал кыргыз тил илимине изилдөөнүн салыштырма-тарыхый методун киргизип, аны колдонуунун артыкчылыктарын өз изилдөөлөрүндө далилдеген новатор-тилчи.

Б.М.Юнусалиевдин илимий-маданий мурастарын топтоп, чыгармаларынын (мурастарынын) толук жыйнагын басып чыгаруу менен, калтырган эмгектерин изилдөөнү мындан ары активдештирүү кеңири актуалдуулукка ээ деп эсептейбиз. Анын өздүк архивиндеги калтырып кеткен мурастары өз-өзүнчө изилденүүгө тийиш. Тагыраак айтканда, "Манас" эпосуна байланыштуу фундаменталдуу изилдөөлөрү архивде сакталган материалдардын негизинде изилдөөгө алынышы зарыл.

**Адабияттар:**

1. Азыркы кыргыз адабий тили. -Б., 2009.
2. Ахматов Т.К. Көрүнүктүү илимпоз, даанышман педагог. //"Кыргызстан

маданияты", 1983, № 45.

3. Ахматов Т.К., Орузбаева Б., Мусаев С. Илимге арналган өмүр. //"Кыргызстан маданияты", 1974, 4-январь.

4. Биялиев А. Б.М.Юнусалиев - эне тилибиздин тарыхчысы, адабий тилибиздин теоретиги. Китепте: К.К.Сартбаев - окумуштуу жана педагог. Бишкек, 2002.

5. Жапаров Ш. Юнусалиев Болот Мураталиевич //Кыргыз Совет Энциклопедиясы. - Фрунзе, 1980, 6-том.

6. Мукамбаев Ж. Лингвист: (Профессор Б.М.Юнусалиевдин илимдеги орду жөнүндө) // Ленинчил жаш, 1986, 11-октябрь.

7. Осмонкулов А. Б.М.Юнусалиевдин методикалык мурастары // Академик Б.М.Юнусалиевдин 90 жылдыгына арналган илимий конференциянын материалдары. - Б.: МТМИ, 2004. 4-13-беттер.